УДК 159.98
DOI 10.53473/16946324_2024_4

**Чолпонкулова Н. Т.,** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, психологиялык-педагогикалык жана гуманитардык илимдер кафедрасы, психол. и. к., доцент
ORCID 0000-0002-2279-9277
**Байтикова Т. А**., К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү кафедрасы, ф.и.к., доцент
**Өскөнбай кызы М.,** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү кафедрасы, магистрант

**Чолпонкулова Н. Т.,** Иссык-Кульский государственный университет им. К.Тыныстанова, кафедра психолого-педагогических и гуманитарных наук, к. психол. н., доцент
ORCID 0000-0002-2279-9277
**Байтикова Т.А.,**
Иссык-Кульский государственный университет им. К.Тыныстанова, кафедра дошкольного и начального образования, к.ф.н., доцент **Өскөнбай кызы М.,**
Иссык-Кульский государственный университет им. К.Тыныстанова, кафедра дошкольного и начального образования, к.ф.н., доцент

**Cholponkulova N. T.,**
Issyk-Kul State University named after. K. Tynystanova, Department of Psychological, Pedagogical and Humanitarian Sciences, candidate of psychological sciences, associate professor.
ORCID 0000-0002-2279-9277 **e-mail:** ncholponkulova@iksu.kg
**Baitikova T. A.,**
Issyk-Kul State University named after. K. Tynystanova, Department of Preschool and Primary Education, candidate of philological sciences, associate professor. **e-mail:** tilek.baitikova.69@mail.ru
**Oskonbay kyzy M.,**
Issyk-Kul State University named after. K. Tynystanova, Department of Preschool and Primary Education, master's student.
**e-mail:** oskombaevameka25@gmail.com

# МЕКТЕПКЕ ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН ДАЯР БОЛУУ КЕНЖЕ ОКУУЧУНУН МЕКТЕПТЕГИ ОКУУ ИЙГИЛИГИНИН ФАКТОРУ КАТАРЫ

# ПСИХОЛОГИЧЕСКАЯ ГОТОВНОСТЬ К ОБУЧЕНИЮ В ШКОЛЕ КАК ФАКТОР УСПЕШНОСТИ УЧЕНИЯ МЛАДШЕГО ШКОЛЬНИКА

# PSYCHOLOGICAL READINESS FOR STUDYING AT SCHOOL AS A FACTOR OF LEARNING SUCCESS IN JUNIOR SCHOOLCHILDREN

---

***Аннотация.*** *Кыргызстанда заманбап билим берүү системасы 12 жылдык жалпы билим берүүгө өтүүдө, анын биринчи жылы баланы мектептеги системалуу окутуу процессине арналат. Ошондуктан, макалада баланын мектепке психологиялык жактан даярдыгы жана анын мектептеги келечектеги окуу ишмерүүлүгүнүн ортосундагы байланышты изилдөө көйгөйлөрү талкууланат. Авторлор психологиялык-педагогикалык булактарда баланы мектепке даярдоо маселелерине жана жаңы билим берүү чөйрөсүнө ийгиликтүү ыңгайлашууга көмөктөшүүчү факторлорго жана бул процесстин табигый жана ыңгайлуулугун камсыз кылуучу ар кандай билим берүү мекемелеринин ролуна чоң көңүл буруларын белгилешет. Макалада баланын мектепке психологиялык даярдыгы анын окуудагы ийгилигин гана аныктабастан, анын психикалык өнүгүүсүнө жана мектепте адаптацияланышына жагымдуу мүмкүнчүлүк берет деген идеяны ырааттуу түрдө өнүктүрүлөт. Демек, баланын мектепке психологиялык даярдыгын диагностикалоонун жана алынган натыйжалардын негизинде баланы мектепке даярдоону уюштуруунун максатка ылайыктуулугу айкын болууда. Макалада биринчи класстын окуучусунун мектепке жогорку психологиялык даярдыгы менен анын кийинки окуудагы ийгилигинин ортосунда корреляциялык байланыш аныкталган. Ал эми окуудагы ийгилик баланын инсан катары психикалык өнүгүүсүн да шарттоочу факторлордун бири боло тургандыгы ырасталат.*

***Негизги сөздөр:*** *мектепке психологиялык жактан даяр болуу, мектепке психологиялык даярдыктын компоненттери, мектеп жашына чейинки курак, окуудагы ийгилик, кеже окуучулук курак, билим берүү мейкиндиги.*

***Аннотация.****Современная система образования в Кыргызстане переходит на 12летнее общее образование, первый год которого будет посвящен процессу подготовки ребенка к систематическому обучению в школе. Поэтому в статье рассматриваются проблемы изучения взаимосвязи психологической подготовки ребенка к школе и его будущей успеваемости в школе. Авторами отмечается, что в психолого-педагогических источниках огромное внимание уделяется вопросам подготовки ребенка к школе и факторам, способствующим как успешной адаптации в новой образовательной среде, так и роли различных институтов воспитания, обеспечивающих естественность и комфортность этого процесса вхождения. В работе последовательно развивается идея, что психологическая готовность ребенка к школе не только определяет его успехи в учебе, но и обеспечивает благоприятный вариант его психического развития и адаптацию в школе. Поэтому целесообразность диагностики психологической готовности ребенка к обучению в школе и организация на основе полученных результатов подготовки ребенка к школе становится очевидной. В ходе данного исследования была выявлена корреляционная связь между уровнем психологической готовностью первоклассника к школе и его успешностью в дальнейшей учебе. А успехи в учебе являются одним из факторов, определяющих умственное развитие ребенка начальной школе.*

***Ключевые слова:*** *психологическая готовность к школе, компоненты психологической готовности к школе, дошкольный возраст, успеваемость, младший школьный возраст, образовательное пространство.*

***Annotation.*** *The modern education system in Kyrgyzstan is moving to a 12-year general education, the first year of which will be devoted to the process of preparing a child for systematic schooling. Therefore, the article discusses the problems of studying the relationship between a child's psychological preparation for school and his future performance at school. The authors note that psychological and pedagogical sources pay great attention to the issues of preparing a child for school and the factors that contribute to both successful adaptation to a new educational environment and the role of various educational institutions that ensure the naturalness and comfort of this process of entry. The work consistently develops the idea that a child's psychological readiness for school not only determines his academic success, but also provides a favorable option for his mental development and adaptation at school. Therefore, the feasibility of diagnosing a child's psychological readiness for school and organizing the child's preparation for school based on the results obtained becomes obvious. This study revealed a correlation between the level of psychological readiness of a first-grader for school and his success in further studies. And academic success is one of the factors that determines the mental development of a child in primary school.*

***Key words:*** *psychological readiness for school, components of psychological readiness for school, preschool age, academic performance, primary school age, educational space.*

---

*«Мектепке даяр болуу окуу, жазуу жана саноону билүү дегенди билдирбейт.*
*Мектепке даяр болуу — ушунун бардыгын үйрөнүүгө даяр болуу дегенди билдирет».*
Венгер Л.А.

**Актуалдуулук.** Мектепке психологиялык жактан даяр болуу – бул мектеп жашына чейинки курактагы баланын психологиялык өнүгүүсүнүн маанилүү жыйынтыктарынын бири болуп саналат. Окууга психологиялык жактан даяр болуу деп, окуучулар коллективинде мектеп программасын өздөштүрүүгө керектүү болгон баланын психологиялык өнүгүүсүнүн тийиштүү деңгээлин түшүнсө болот. Демек, канчалык баланын өнүгүү деңгээли мектептин талаптарына ылайыктуу болсо, ошончолук анын окуу жетишкендиктери да жогору болууга тийиш [1,3]. Ошол эле мезгилде окуудагы ийгиликти изилдөө актуалдуу проблема, себеби ал баланын инсан катары психикалык өнүгүүсүн шарттоочу факторлордун бири болуп саналат.

Мектепке баруу жана билим алуунун баштапкы мезгили баланын бүткүл жашоо образын жана ишмердүүлүгүн кайра курууну шарттайт. Физиологдордун, психологдордун жана мугалимдердин байкоолору көрсөткөндөй, 1-класстын окуучуларынын арасында өзүнүн жеке психофизиологиялык өзгөчөлүктөрүнөн улам жаңы шарттарга көнүү кыйынга турган балдар кездешет. Алар мектептин күн тартибине көнүп кете албай жана окуу программасын өздөштүрүүдө да кыйынчылыктарга дуушар болушат [3].

Мектепте окуу мезгили ар бир адамдын жашоосундагы эң маанилүү этап болуп саналат. Бул мезгилдин канчалык ийгиликтүү өтүшү көптөгөн факторлордон көз каранды, алардын бири окууга психологиялык даярдык. Мында окуунун ийгилигине таасир этүүчү факторлорду талдоо проблемасын иштеп чыгуу да маанилүү орунду ээлейт. Баланын инсандыгынын психикалык өнүгүүсүнүн каражаты жана ыкмасы катары окуунун ийгилигин изилдөө бир нече жылдар бою актуалдуу тема болуп келген.

Окуудагы ийгилик жана мектепке психологиялык жактан даярдык маселеси ата мекендик жана чет элдик педагогика жана психология боюнча адистер Т.А.Конурбаев, Н.Н.Палагина, Н.Т.Чолпонкулова, А.С. Белкин, Л.И.Божович, Л.С.Выготский, Э.Э. Кравцова, И.Ю. Кулагина, И.А. Ларионова, А.К.Маркова, Н.Г. Салмина, Д.Б. Эльконин, А.Анастаси, И.Йирасек, С.Стрембель ж.б. тарабынан изилденген.

Л.С.Выготскийдин пикири боюнча баланын актуалдуу өнүгүшүнүн денгээли тийиштүү болуп, анын “өнүгүшүнүн жакынкы зонасына” окутуунун программасы туура келиши керек. Эгерде баланын психикалык “өнүгүшүнүн жакынкы зонасына” мектептеги окуу

программасын өздөштүрүү үчүн жетиштүү болбосо, анда бала мектепке психологиялык жактан даяр эмес деп эсептелип, окууга жетише албаган балдардын катарын толуктайт.

Кулагина И.Ю. психологиялык даярдыктын эки аспектисин – мотивациялык, интеллектуалдык жана сүйлөө чөйрөлөрүнүн өнүгүшүнөн көрүнүп турган мектепке инсандык (мотивациялык) жана интеллектуалдык даярдыкты аныктайт. Баланын окуу ишмердүүлүгүнүн ийгиликтүү болушу үчүн, ошондой эле анын жаңы шарттарга тез көнүшү жана мамилелердин жаңы системасына кыйналбай кошулушу үчүн эки аспект тең маанилүү болот.

Жыйырма жыл бою психологиялык даярдыкты изилдөөнүн натыйжасында Л.И.Божович төмөнкү пикирге келген: “Инсандык жактан даяр болуу бул “окуучу болууну каалоо” гана эмес. Бул социалдык мотивдин тутумуна мугалим сунуш кылган билимдерге карата баланын таанып билүүчүлүк кызыгуусу болуп эсептелет [2].

Мектепке даярдыктын көйгөйүн талкуулоодо, Д.Б. Эльконин төмөнкү параметрлерди камтыган баланын окуу ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон шарттарды аныктаган:

- балдардын өз аракеттерин аныктаган эрежеге аң-сезимдүү түрдө баш ийдире билүү;
- берилген талаптардын системасына көңүл буруу жөндөмдүүлүгү;
- баяндамачыны кунт коюп угуу жана оозеки сунушталган тапшырмаларды так аткаруу;
- көрүү менен кабыл алынган үлгү боюнча талап кылынган тапшырманы өз алдынча аткаруу жөндөмү [6].

Чындыгында, булар эрктүүлүктү өнүктүрүүнүн параметрлери болуп саналат, алар мектепке психологиялык даярдыктын бир бөлүгү болуу менен бирге, системалуу окуу процессинин негизин түзөт. Демек, баланын мектептеги ийгиликтүү окуусунун өбөлгөсү болуп, анын системалуу окуу процессине психологиялык жактан даяр болуусу эсептелет. Ал эми системалуу окутууга баланын даярдыгы деп мектептин талаптарына анын психофизиологиялык деңгээлинин туура келишин айтабыз.

**Изилдөөнүн максаты.** Баланын мектепке психологиялык жактан даяр болушу анын окуусундагы ийгилигин аныктоо менен бирге психикалык өнүгүүсүнүн жагымдуу вариантын да камсыз кылат. Ошондуктан баланын мектептеги окууга психологиялык жактан даярдыгын алдын-ала аныктоо максатка ылайыктуу болуп эсептелет. Бул максатта диагностикалык методдорду колдонуу менен биз баланын окуудагы ийгилигинин деңгээлине мектепке психологиялык жактан даярдык деңгээлинин туура келишине корреляциялык анализ жүргүздүк.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору**. Эксперименттин логикасына ылайык Керн-Йирасектин "Мектептеги окууга даяр болуу" тести жана «Ю.Я.Киселевдун термометри» моделинин негизинде эксперттик баа берүү ыкмасы колдонулду. КернЙирасектин графикалык тесттинин үч тапшырмасы тең колдун майда моторикасын өнүктүрүүнү жана көрүү менен колдун кыймылын координациялоону аныктоого багытталган. Бул балдар тести жалпысынан баланын интеллектуалдык өнүгүүсүн аныктоого мүмкүндүк берет (биринчи тапшырма). Экинчи жана үчүнчү тапшырмалар анын мектептеги окууга зарыл болгон үлгүнү туурай билүү жөндөмдүүлүгүн текшерет. Алар ошондой эле баланын көңүлүн топтоо жөндөмүн, бир нече убакыт бою ал үчүн анчалык деле кызык эмес иштин үстүнөн иштей аларын аныктоого мүмкүндүк берет [4].

Эксперттик баалоо методу “Ю.Я.Киселевдун термометринин” негизинде аткарылган, ал 10 бөлүмдөн турган шкала болуп саналат, ал боюнча эксперт окуу жылынын башталышында жана жылдын биринчи жарымынын аягында окуучулардын ийгилигинин деңгээлин белгилеши керек [5]. Эксперт катары биринчи класстын окуучуларынын класс жетекчиси баа берген.

Психодиагностикалык изилдөөгө Каракол шаарындагы №4 – жалпы билим берүүчү мектеп-гимназиясынын 1-классынын 29 окуучусу (15 кыз, 14 эркек бала) катышты.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана талкуулоо.** Изилдөөнүн биринчи этабында КернЙирасек методикасы боюнча окуучулардын мектепке психологиялык жактан даярдыгынын деңгээлин изилдөө төмөндөкүдөй жыйынтыктарды берди. Изилденген окуучулардын 59% (17 бала) мектепке даяр болуунун жогорку деңгээлин, 31% (9 бала) – орто деңгээлин жана 10% (3 бала) төмөнкү деңгээлин тастыктады. Мектепке психологиялык даярдыгы жогору болгон окуучуларда мектеп программасын өздөштүрүү үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү, билимдерди, мотивацияларды жана башка жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн мурда эле өздөштүргөнү же өздөштүрүү процессинде экендиги байкалды. Ал эми мектепке психологиялык жактан даярдыгы орточо деңгээлдеги изилденүүчүлөр мектеп программасын өздөштүрүү үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү, билимдерди жана мотивацияларды толук өздөштүрө элек же өздөштүрүү процессинде болгондугу аныкталды. Окууга психологиялык даярдыгы төмөн болууну демонстрациялаган 1класстын окуучуларында мектепке адаптациялануу жана билимдерди өздөштүрүү кыйынга тургандыгы айкын болду.

Эксперттин (мугалимдин) баалоосуна таянып, окуу жылынын башына карата 1класстын окуучуларынын 28%ы (8 окуучу) жогорку окуу ийгилигине ээ жана 55%ы (16 окуучу) орточо деңгээлге ээ болгон деп айта алабыз, б.а. аларда ийгиликтүү окууга мүмкүндүк берген билимдердин жана ыктардын белгилүү запасы болгон. 17% (5 окуучу) изилденүүчүлөрдө ийгиликтин деңгээли төмөн болгон, башкача айтканда, алар билимдерди өздөштүрүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушкан.

Эксперименттин 2-этабында эксперттик баалоо методунун жыйынтыгы төмөнкүдөй болду. 1-класстын окуучуларынын 41% (12 окуучу) жогорку, ал эми 56% (16 окуучу) орточо деңгээлдеги ийгиликке ээ экендигин эксперт тарабынан тастыктады. Класстагы окуучулардын арасында окуу ийгилигинин төмөн деңгээли изилденүчүлөрдүн 3% (1 окуучу) гана аныкталды.

**Таблица. Мектепке психологиялык даярдык деңгээли менен билим берүүнүн ийгилигинин ортосундагы өз ара байланышы**

| Код | Мектепке психологиялык даярдыктын деңгээли | Жыл башындагы ийгиликтин деңгээли | Жарым жылдыктын аягындагы ийгиликтин деңгээли | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жогорку | Жогорку | Жогорку | Ийгилик уланды |
| 2 | Жогорку | Жогорку | Жогорку | Ийгилик уланды |
| 3 | Жогорку | Жогорку | Жогорку | Ийгилик уланды |
| 4 | Жогорку | Жогорку | Жогорку | Ийгилик уланды |
| 5 | Жогорку | Жогорку | Жогорку | Ийгилик уланды |
| 6 | Жогорку | Жогорку | Жогорку | Ийгилик уланды |
| 7 | Жогорку | Жогорку | Жогорку | Ийгилик уланды |
| 8 | Жогорку | Жогорку | Жогорку | Ийгилик уланды |
| 9 | Жогорку | Орточо | Жогорку | Ийгиликтин деңгээли жогорулады |
| 10 | Жогорку | Орточо | Жогорку | Ийгиликтин деңгээли жогорулады |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 11 | Жогорку | Орточо | Жогорку | Ийгиликтин деңгээли жогорулады |
| 12 | Жогорку | Орточо | Жогорку | Ийгиликтин деңгээли жогорулады |
| 13 | Жогорку | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 14 | Жогорку | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 15 | Жогорку | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 16 | Жогорку | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 17 | Жогорку | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 18 | Орточо | Орточо | Жогорку | Ийгиликтин деңгээли жогорулады |
| 19 | Орточо | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 20 | Орточо | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 21 | Орточо | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 22 | Орточо | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 23 | Орточо | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 24 | Орточо | Орточо | Орточо | Ийгилик уланды |
| 25 | Орточо | Төмөнкү | Орточо | Ийгиликтин деңгээли жогорулады |
| 26 | Орточо | Төмөнкү | Орточо | Ийгиликтин деңгээли жогорулады |
| 27 | Төмөнкү | Төмөнкү | Орточо | Ийгиликтин деңгээли жогорулады |
| 28 | Төмөнкү | Төмөнкү | Орточо | Ийгиликтин деңгээли жогорулады |
| 29 | Төмөнкү | Төмөнкү | Төмөнкү | Ийгилик уланды |

Көрсөткүчтөрдүн корреляциялык анализинин жүргүзүүдө төмөнкүдөй натыйжалар алынды. Мектепке психологиялык даярдыктын деңгээли менен окуу жылынын башындагы окуудагы ийгиликтердин деңгээлинин ортосундагы корреляция коэффициенти (r) 0,13 түздү. Мектепке психологиялык даярдыктын деңгээли менен экинчи чейректин жыйынтыгы боюнча окуудагы ийгиликтердин деңгээлинин ортосундагы корреляция коэффициенти 0,15 түздү. Окуу жылынын башталышы менен биринчи жарым жылдыктын аягындагы окуу ийгилигинин деңгээлинин ортосундагы корреляция коэффициенти 0,97ни түздү.

Психологиялык даярдыктын деңгээли менен окуунун ийгилигинин ортосундагы байланыш статистикалык жактан анча маанилүү эмес болуп чыкты, бирок бул изилденген балдардын чектелүү санынан көз каранды болушу мүмкүн. Белгилеп кетсек, биринчи жарым жылдыктын акырына карата корреляциялык байланыш күчой баштаганы байкалууда. Муну биз окуудагы ийгиликке мектепке даярдыктын ролунун жогорулашы менен түшүндүрө алабыз.

Мектепке психологиялык даярдыктын деңгээли менен окуудагы ийгиликтин ортосундагы өз ара байланыш боюнча натыйжаларды талдап көрөлү. Мектепке психологиялык жактан даярдыгы жогору болгон окуучулардын окуудагы ийгиликтери жогору болуп, убакыттын өтүшү менен алар бул деңгээлди сактай алышты.

Биздин эмпирикалык изилдөөнүн маалыматтары көрсөткөндөй биринчи жарым жылдыктын аягына карата окуу ийгилигинин деңгээлин жакшырткан окуучулардын саны көбөйдү.

Мектепке даярдыгынын орточо деңгээлине ээ болгон биринчи класстын окуучуларында окуудагы ийгиликтин орточо деңгээли байкалды. Бул көрсөткүч окуу процессинде орточо бойдон кала бериши же андан да жогорку деңгээлге өтүшү мүмкүн экендиги аныкталды. Бирок класста психологиялык даярдыгы орточо, окуудагы ийгилиги жогору болгон окуучулар да жок эмес. Алардын ийгилигине мектепке даярдыгынан башка дагы факторлор таасир этиши мүмкүн, мисалы, үй-бүлөлүк тарбиянын жетишкендиктери деп божомолдоо болот.

Ошондой эле класста мектепке психологиялык жактан даярдыгы жогорку деңгээлде, бирок окуу ийгилигинин төмөнүрөөк деңгээли менен айкалышкан окуучулар бар. Бул көрүнүш мектепке психологиялык жактан даяр болуудан башка факторлордун таасир этишинен да мүмкүн деп ойлойбуз, мисалы, үй-бүлөдөгү жагымсыз социалдык кырдаал.

**Корутунду.** Мугалим кенже мектеп окуучуларынын мектепке психологиялык даярдыгынын деңгээлине изилдөө жүргүзүшү керек. Мындай диагностика балдар менен алгачкы таанышуу үчүн ыңгайлуу, себеби ал өнүгүүнүн жалпы картинасын бере алат (интеллектуалдык, эмоционалдык-эрктүү чөйрөнүн өнүгүүсү). Анын жыйынтыгы кенже окуучулар менен иштөөнүн планын максималдуу түрдө инсанга карай жекелештирүү боюнча иштөөгө мүмкүндүк берет, бул балдардын билимди жана окууну өздөштүрүүнүн натыйжалуу процессине алып келет.

Ошентип, корреляциялык анализ мектепке психологиялык жактан даярдыктын деңгээли менен окуу ийгилигинин деңгээлинин ортосундагы тике байланышты ачпаса да, тенденция деңгээлинде бул мыйзам ченемдүүлүктү байкоого мүмкүнчүлүк берет. Ал эми келечекте, бул тууралуу так маалыматтарды алуу үчүн, биринчиден, изилденүүчүлөрдүн санын көбөйтүү жана, экинчиден, мектепке психологиялык жактан даярдык менен гана чектелбестен окутуунун ийгилигине таасир этүүчү башка факторлорду да изилдөө керек.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси:


1. Чолпонкулова Н.Т., Акмолдоева А.Ж. Баланы мектепке даярдоонун теориялык жана методикалык маселелери. – Каракол, 2009. – 56 б.
2. Божович Л.И. Детская психология. –М.,1960. – 207 с.
3. Винникова О.В., Бубновская О.В. Психологическая готовность к школе как фактор успешности обучения младшего школьника // Международный студенческий научный вестник.–2015.–№5 // [Электрондук ресурс]:https://eduherald.ru/ru/article/view?id=13282
4. Ориентационный тест школьной зрелости Керна-Йерасека // [Электрондук ресурс]: https://doshvozrast.ru/metodich/kontrol20.htm
5. Психические состояния. Методические рекомендации [Электрондук ресурс]: https://www.msun.ru/upload/folders/edu_lit/kaf/phsih/005.pdf
6. Эльконин Д.Б. Некоторые вопросы диагностики психического развития детей// [Электрондук ресурс]: https://psychlib.ru/mgppu/EPr-1997/EPR-3171.htm#$p317